КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ИЛИМ, ЖОГОРКУ БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА

ИННОВАЦИЯЛАР МИНИСТРЛИГИ

**Ош мамлекеттик университети**

**Эл аралык билим берүү программалары колледжи**

**Коомдук дисциплиналар бөлүмү**

**МАКУЛДАШЫЛДЫ:**
**ЭАББПКнын ОМКсынын төрайымы:**
**А.Т.Жумабаева** ______
**2025-жылдын** 24.09
**№** 2 **протоколу**

**БЕКИТИЛДИ:**
**Коомдук дисциплиналар бөлүмүнүн башчы:**
**Г.А.Мадмарова** ______
**2025-жылдын** ______
**№** ______ **протоколу**

**Эл аралык билим берүү программалары колледжинин котормо иши (англис тили, корей тили, кытай тили, араб тили) адистиктеринин 2-курс ( 9 база) 1-курс (11 база) студенттери үчүн ораторлук чеберчилик (чечендик өнөр) дисциплинасынан сынактык текшерүүгө түзүлгөн**

# ТЕСТТИК

# ТАПШЫРМАЛАР

## Сынактык суроолор

1. Кептин тилдик эрежелерге ылайык түзүлүшү, тилдик талаптарга жооп бериши кептин кайсы сапатына кирет?
2. “Поэтика”, “Риторика”, “Ораторлук искусство жөнүндө” аттуу эмгектер кимге таандык?
3. Кайра жаралуу доорунун ораторлору кимдер?
4. Айтылбаган, сүйлөнбөгөн, үн катышпаган процесс кандай аталат?
5. Кайра жаралуу доорунун ораторлору кимдер?
6. Жумушчу табынын ораторлору кимдер?
7. Импровизация деген сөз кайсы маанини түшүндүрөт?
8. Ораторлордун негизги сапаттары кайсы?
9. “Өнөр алды – кызыл тил” деген макалдагы <u>кызыл</u> деген сөз кайсы маанини берет?
10. Кептин негизги сапаттары кайсы?
11. Кептин тазалыгына кедерги болгон көрүнүштөр?
12. Ораторлук искусство эң биринчи кайда пайда болгон?
13. Байыркы Римде айрым кызмат ордун ээлегендердин атын жана коомдук ишмер, атагы чыккан оратор, публицист деген маанини түшүндүргөн сөз?
14. Байыркы Римде айрым кызмат ордун ээлегендердин атын жана коомдук ишмер, атагы чыккан оратор, публицист деген маанини түшүндүргөн сөз?
15. “Оратор жөнүндө”, “Брут, же белгилүү ораторлор жөнүндө ”, “Оратор” аттуу трактаттар кимге таандык?
16. Футурологдор деп кимдерди айтабыз?
17. Төмөнкү макалдын уландысы кайсы?

Малдан жарды калсаң кал, …

18. Төмөндөгү табышмактын жандырмагын тап?

Адамча тиктейт, адамдай өзү, ирмелбейт көзү.

19. Ар кандай толкундануун, кубанууну, өкүнүчтү, ж.б. сүйлөөнүн психикалык жактан кескин өзгөрүүсү кандай речке кирет:
20. Киши акысын жегендик – ... белгиси.
21. Төмөндөгү табышмактын жандырмагын тап?

Ичинде бирөө баш эле, баарынан бою пас эле.

22. Төмөнкү макалдын уландысы кайсы? Карылык көркү – сакал,...
23. Ар дайым курч мүнөздө, табышмактуу ыкмада боло бербестен турмуштук көрүнүштөрдү таамай чагылдыргандыгы менен кадимки кептерден айырмаланган сөздөр?

24. Футуролог-олуялар кимдер болгон?
25. Сүйлөгөн сөзү уккулуктуу келип, ырдай куюлуп, "айдаган койдой ашыгып", улам сүйлөгөн сайын күчөп отурат да, айткан сөзүнүн мааниси алаканга салгандай ачык, терең, уккан адамды тажатпай магдыратып, үнү коңур келген чечендердин түрү?
26. Буларга коомдо, турмушта болуучу чындыкты алдын ала көрө билүүчүлүк, тубаса олуялык, кылдат сынчылдык сапаттар тиешелүү болгон чечендердин түрү?
27. Жалпы элдик тилдин иштелип чыккан, фонетикалык, грамматикалык, лексикалык жактан калыпка салынган тийиштүү нормалары бар формасы эмне деп аталат?
28. Эч кандай зарылчылыгы жок туруп кепте колдонулган, жалпы элге түшүнүксүз болгон адепсиз, чет сөздөр?
29. Ырды, сөздү, муундарды жана баяндамаларды айтуудагы тактык, сүйлөө манерасы кандай аталат?
30. Сөз аркылуу берилген ой-пикир, адамдардын бири-бирине айткан, сүйлөгөн сөздөрүн эмне деп атайбыз?
31. Көпчүлүк алдына чыгып илимий темада сүйлөө, жогорку окуу жайларында бир предмет тууралуу мугалимдин оозеки сүйлөгөн сөзү?
32. Жаңы риторика, ал классикалык риторикага негизделип, адамдар менен мамиле куруунун, байланыш түзүүнүн оптималдуу жыйынтыктарын табууга аракет жасайт?
33. Бир эле сөздүн же бирдей маанидеги сөздөрдүн кайра кайталанышы. Бир эле аныктаманы же далилди кайра-кайра аныктап, далилдеп көрсөтө берүү?
34. Көркөм сөз өнөрүнүн, чебер, чечен сүйлөөнүн, ораторлук искусствонун негизги үндүк тилдик каражаты?
35. Төмөндөгү табышмактын жандырмагын тап?
36. Төмөнкү макалдын уландысы кайсы?

Жоргонун кадыры жүргөндө билинет, жакшынын кадыры ...

37. Төмөндөгү табышмактын жандырмагын тап?
Эртең менен төрт буттап басат, Түштө эки буттап басат, Кечинде үч буттап басат.
38. Төмөнкү макалдын уландысы кайсы?
«Буттан жыгылган турат, ...»
39. Төмөндөгү табышмактын жандырмагын тап?
40. "Акыл – башта, уят – көздө, кубат – ...".
41. Чет тилден кирген, угуучуга түшүнүксүз сөздөр жана адеп-ахлактык нормаларга туура келбеген орой, булганыч, адепсиз сөздөр катышпаган кептин сапаты кандай?
42. Айтылбаган, сүйлөнбөгөн, үн катышпаган, субьекттин өзүнө гана тиешелүү речь – кандай речь?
43. Кептин угуучу менен байланышынан улам кептин жеткиликтүүлүгү жана таасирдүүлүгү аныкталат. Маалыматты жеңил түшүнүү үчүн ылайыкталган кептин түрү кандай?
44. Жаштарды коммуникативдик жактан даярдоонун маанилүүлүгүн мамлекеттик деңгээлге алып чыккан жана адамдардын карым-катнашы жана оратордук искусство боюнча институтту негиздеген американлык педагог.
45. "Адамга эң кыйыны – күн сайын адам болуу" – бул цитата кимге таандык?
46. Кыргыздын белгилүү төкмө акындары кайсылар?
47. Эки же андан көп муундан турган сөздүн белгилүү бир муунундагы үндүү тыбыштын күчтүүрөөк эпкин менен өзгөчөлөнүп айтылышы?
48. Кеп маданиятына салым кошкон окумуштуулар?
49. Бирдей жыштыктагы темптин ылдамдашы, жайлашы, тондун бийик көтөрүлүп, ылдый түшүп, муундун кыска жана узун болуп айтылышы менен ыр саптарындагы ритмикалык топтордун көркөмдүгүн арттыруу жагынан мүнөздөлгөн речь
50. Кептин тилдик норма менен тыгыз байланыштуу сапаты кайсы?
51. Ар кандай илимий окууну, билимди, массалык коммуникативдик информациялык каражаттардын негизинде терең түшүндүрүп, элге

жайылтып, көпчүлүккө саясий мүнөздөгү идеяларды, ой-пикирлерди кенен таратып, угуучуларга таасир этүү эмне деп аталат?

52. “ Эп келтирип сөз айтуу - эстүүлүктүн белгиси,
Туура сөздөн качпаган – ... белгиси.

53. Төмөндөгү табышмактын жандырмагын тап?
Үйдүн чырагы, эшиктин кулагы.

54. Төмөнкү макалдын уландысы кайсы?
Жаман сөз жанды кейитет, ...

55. Конушуңар кут болсун! – деп кайсы учурда айтылат?
56. Калыгул Бай уулунун сырткы көрүнүшү, адаттары:
57. Нускоочу акын, элдик таалимчи, дипломат, « олуя» акын ким болгон?
58. « Пайдасы жок туугандан, мамилелүү жат жакшы»-, бул асыл ой кимге таандык?
59. Токтоо, пайымдуу, санжырачы,чечен адам ким болгон?
60. Эки кылымдан ашык элге кызмат кылган бата кимге таандык:
61.Бата тилесең, кимге бар дейт?
62. Садыр акенин жүрүшүн кимге салыштырышкан?
63. Садыр аке кайсы жылы чек ара тактоо комиссиясында иштеген?
64. Садыр аке кайсы өлкөлөр менен чек ара иштерине катышкан?
65. Садыр аке кайсы сапаттары менен белгилүү болгон?
66.Кыдыр аке көбүнчө кайсы иш менен белгилүү?
67.Кыдыр акенин эң белгилүү окуясы кайсы?
68. Кыдыр аке кайсы маданий баалуулукту сактоого аракет кылган?
69.Кыдыр акенин сөзү көбүнчө кандай мааниде айтылат?
70. Болуштугу менен атагы чыгып, чек араларды тактоого атышкан аке:
71. Каракол шаарын курууга салымын кошуп, өз элин үркүндөн сактап калган даанышман:
72. Садыр аке кайсы ролду ойногон буга-сарыбагыш чатагында?
73. « Адилеттүүлүк-жашоонун туткасы»-, деген сөздү ким айткан?
74. Чечендерди кандай клссификацияга бөлүнөт?
75. Акылы артык, тил жатык, сөзгө бай адам:
76.Алдар көсөө, Калыгул Бай уулу, Садыр аке, Кыдыр аке, Куйручуктар чечендиктин кайсы түрүнө киришет:
77. Элдик чечендерге тиешелүү сапаттар:

78. Чечендик өнөр канча баскычка (этапка) бөлүнүнөт:
79. Көп сөздүү, далилсиз, маанисиздер сүйлөгөндөр чечендиктин кайсы түрүнө кирет?
80. Бардык жагынан түп келген, сөзү уккулуктуу, сөзүнүн мааниси терең адамды кандай чечен дейбиз?